**УДК: 894**

***Байсалбек кызы Динара***
*магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# А. ОСМОНОВДУН АЯЛЗАТЫНА АРНАЛГАН ЫРЛАРЫНЫН КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ХУДОЖЕСТВЕННЫЕ ОСОБЕННОСТИ СТИХОТВОРЕНИЙ А. ОСМОНОВА, ПОСВЯЩЕННЫХ ЖЕНЩИНАМ

# ARTISTIC FEATURES OF A. OSMONOV'S POEMS DEDICATED TO WOMEN

***Аннотация.*** *Бул макалада белгилүү кыргыз акыны Алыкул Осмоновдун аялдарга арналган ырларынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз жүрөт. Автор акындын ырларында аялзатынын коомдогу ролунун ачылышына басым жасайт.*

***Аннотация.*** *В данной статье говорится о художественных особенностях стихотворений известного кыргызского поэта Алыкула Осмонова, посвященных женщинам. Автор акцентирует внимание на раскрытии роли женщины в обществе в стихах поэта.*

***Abstract.*** *This article talks about the artistic features of the poems of the famous Kyrgyz poet Alykula Osmonova, dedicated to women. The author emphasizes the disclosure of the role of women in society in the poems of the poet.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *аялзат, А. Осмонов, көркөмдүк, өзгөчөлүк, ырлар.*
***Ключевые слова:*** *женщина, А. Осмонов, художественный, особенность, стихи.*
***Key words:*** *woman, A. Osmonov, art, feature, verse.*

Бүгүнкү күндө кыргыз профессионалдуу адабиятынын поэзия жанры дүйнө элдерине белгилүү болуп калган мезгил. Кыргыз акындарынын чыгармаларынын ичинен аялзатына арналган ырлар өзүнчө бир багытта иш алып барып коомубуздан өз ордун тапты. Ошону менен катар кыргыз кыздарынын ичинен чыккан акын кыздарынын да чыгармалары, ырлары маанилик жана мазмундук жагынан да окурмандарынын көңүл болборунда болуп келишти. Алардын чыгармаларында дегеле аялзаты коомдо кандайдыр бир сөз айтуу мүмкүндүгүнө канчалык ээ эле, коомдогу, элдин дүйнө таанымындагы аялдардын орду, кулк-мүнөздөрү сыяктуу суроолорго ар тараптуу жоопторду табууга болот.

XX кылымдын 10-20-жылдарында башталган биздин төл адабиятыбызда кыздар дээрлик жок, көбүнесе жигиттерди гана кездештире алабыз. Алардын катарында бир гана З.Лепесова деген аялдын ысымын кездештирүүгө болот. Бирок, З. Лепесованын калеминен жаралгандарды, жазгандарын кыргыз басылмаларынын эч биринен учуратууга болбогондугун адабиятчы окумуштуулар белгилеп келишет. Ошондой болсо дагы ага замандаш А. Токомбаев, К. Тыныстанов, М. Токобаев, М. Элебаев, Ж. Жамгырчиев, К. Маликов сыяктуу акын-жазуучулардын аялдар теңдигин көксөгөн ыр, поэмалары өз кезегинде кыргыз аялзатынын илим-билимге умтулуусун шарттаган, ага түрткү берген. Алгачкы жазуучу А. Айтбаева, алгачкы журналист К. Кыдырбаева, биринчи актриса А. Карасаева, кыргыз совет адабиятчысы, сынчы Б. Керимжанова чыгып, анан аларга удаалаш карлыгач акын кыз Н. Жетикашкаеванын адабият шарданына кошулушу – кыргыз аялдар поэзиясынын тарыхый өнүгүшүнүн алгачкы кадамдары катары кароого болот.

Кыргыз поэзиясын тереңдетип изилдеген окумуштуу О. Ибраимовдун белгилөөсүндө: “Кыргыз поэзиясы жетимишинчи жылдарда да бир өзгөчөлүк менен көзгө түшөт, ал – кыздар поэзиясы”. Бул окумуштуунун мындай пикирлери менен кыргыз совет адабиятынын алкагында “кыздар же аялдар поэзиясы” деген түшүнүктүн терең орун-очок алып калгандыгын түшүнөбүз.

Биз сөз кыла турган маселе, кыргыздын жаңычыл акыны Алыкул Осмоновдун ырларында аялдардын жашоодогу образдарын көркөмдөп жана кылдат берүүдөгү өзгөчөлүгү. Акын өзү кыргыз адабиятына 1930-жылдарда келип кошулуп, андан ары поэзия дүйнөсүндө жашап калышына анын ушул эле жылы «Сабаттуу бол» газетасына алгачкы «Кызыл жүк»

аталыштагы ырынын жарык көрүшү чоң себеп болгон. Аз жана маңыздуу өмүр жолунда бир нече ыр түрмөктөрдү, поэмаларды жана пьесалык чыгармаларды мурас кылып калтырган. Алыкул Осмоновдун сүйүүгө, аялзатына арнаган ырлары анын гана поэзиясы болуп калбастан, эч бир убакта көркөмдүгүн жана баалуулугун жоготпогон классикага айланган. Аял затынын бийик баалап, алардын жашоого жарык берген боорукерлигин, эмгекчилдигин, мээримдүүлүгүн сүрөттөп берген. Балдар үйүндө жүргөн кезиндеги тарбиячысы Грунья Савельевнанын образын берүүдөгү чеберчилигин карап көрөлү:

Далай таттуу даам жедим колуңдан,
Кем көрбөдүң өз бир тууган бооруңдан.
«Начар экен бат оңолсун бала» деп,
Шашып турдуң чала уйкулуу ордуңдан.
Ырлар жаздым, кээде сызып, кээде оңдоп,
Бала өстүргөн жаш атадай көңүлүм ток.
«Азгын экен, кантер экен бала» деп,
Сен үшкүрдүң күн кыскасын болжолдоп.
Март да кетти, апрель, май жакындап,
Көктө турна, көлдө каздар каркылдап.
Күнүң бүттү, кайтар мезгил болду деп,
Кош ат келди үй жанына жакындап.
Мени акырын, «аман бол» – деп узаттың,
Көзүн карап өзүм минген боз аттын.
Колумду алып ылдый карай бергенде,
Мөлт, мөлт акты тоголонуп көз жашың.
Алыс кеттим, бармын, өлүү эмесмин,
Мен барбасмын, сен да мага келбессиң…
Жан боорумдай көңүлүмдө көз жашың,
Ата-энемден көз жаш көргөн эмесмин [3, 131-132-б.].

Ыр 1946-жылы 2-ноябрда жазылган. Мазунунан байкалып тургандай эле Грунья Савельевнанын ден соолугу начар балага карата энелик камкордугу берилген. Болочок акындын жүрөгүнөн терең орун алган тарбиячынын бала менен коштошуп жаткандагы көзүнөн айланган жаштары, кайда болсо да амандыгын тилеп узатканы жогорудагы ыр саптарынан анык көрүнүп турат. Демек, акындын бул ырынан энелерге тиешелүү асыл сапаттар улутка карабай тургандыгы айтылган.

Эмгек үстүндө аял заты жан дили менен иштей турган асыл жандар экендигин «Звеновой Зыйнатжан» деген ырынан көрүүгө болот:

Звеновой, ударникжан Зыйнатжан,
Дайныңды угуп издеп келдим ыраактан.
Кыз урматтуу, кыздай кымбат ишиңди
Суу болгондо сурап билдим мураптан.
Эгер, Зыйнат, терең ойлоп, текшерсең,
Сулуулук да, адамдык да эмгектен!
Биздин күндүн абийир, намыс ырысы,
Сенин ушул көңүлүңдү ачкан шаропкең!
Өзүң кара, колуң бекем болсо да,
Кийген киймиң нечен түргө оңсо да,
Бул колхозго мурасталган ак ишиң,
Бир шаардан, бир деңизден кымбат баа [3, 129-б.].

Бул ыр жогорудагы ырга салыштырмалуу аял затынын эмгектеги образы берилген. Колхоз кызматкери Зыйнатжандын эмгеги менен эли-журтуна таанымал болгондугу, аны суу башындагы адамдардан тарта бардыгы тааный тургандыгы айтылат. Аял затынын бул аракети жогору баага татыктуу экендигин акын даңаза кылып ырдаган. Акындын ар кыл кесиптеги аялдардын ишке болгон мамилелерин ачып берүүдөгү чеберчилигин жогору баалоого арзыйт.

«Маржанкүл» деген ырында:

Таңкы урулган гудок менен тең турган,
Завод менен багы ачылып кулпурган.
Биздин эмки өспүрүмдүн көркөмү
Ай Маржанкүл,
Ай Нуржанкүл
Бир тууган.
Ак эмгектин ызатына кол жууган,
Жумушчудан багы ачылып кулпурган.
Биздин эмки сулуулардын тунугу,
Ай Маржанкүл,
Ай Нуржанкүл
Бир тууган.
Ударниктин даңкы менен кол жууган,
Кайнаган от, курч ичинде кулпурган
Биздин эмки тукумдардын асылы,
Ай Маржанкүл,
Ай Нуржанкүл
Бир тууган [3, 141-142-б.].

Акындын бул ырында заводдо иштеген эки бир тууган кыздар ак эмгеги менен баар таап, эл оозуна алынгандыгын айтып, келечектеги эмгекчил жаштардын символу катары сүрөттөлөт. Дегеле Алыкул Осмонов алзатынын мыкты образдарын ыр саптарынан гана бербестен, поэмаларында жана пьесаларында да ачканга аракет жасаган. Айта кетсек, «Махабат» поэмасында Жыпаркүлдүн, «Ким болду экенде» Күлбөскыздын, «Майдын түнүндө» Бүбүштүн, «Күлүйпа» поэмасында баш каарман Күлүйпанын ж.б. Каармандардын жашоодогу кулк-мүнөздөрү, күжүрмөндүгү, сезимталдыгы жана өз жарына болгон бекем ишенимдери, туруктуулук сапаттарын бере алган.

Биз жогоруда мисал келтирген ырларынан сырткары акын «Күлжамал», «Жактырдым», «Дагы аял жөнүндө», «Жеңемдин ыры», «Кыздардын күүсү», «Мария», «Жеңемдин сөзү», «Ай, Жамила, Жамила», «Баатыр эне», «Эненин күчү», «Ракыя», «Сүйдүм сени», «Уяң келин», «Сүйүү кыял», «Саанчы жеңе», «Жеңеме», «Сулууга», «Жалжалым ой», «Күзгүгө каранган жеңеме» ж.б көптөгөн ырларды жазган. Байкалып тургандай жаш кыздардан тарта баатыр энелердин табияттагы мүнөздөрүн ачып бергенге аракет кылган. Ошондой болсо дагы эң бир аруулукка, кереметке тарткан «Аялга» аталышындагы ырын талдап көрөлү:

Сүйгүм келет жаш жандырып, жаш болуп,
Жашымды алдап, жаш кайындай мас болуп
Жанар тоодой жалын чачкан отуңан
Чыккым келет, жанып чыккан таш болуп.
Сүйгүм келет, миң мертебе жаңылып,
Сүйгүм келет, сүйгөнүмө жалынып,
Өз күчүңдү өз күчүмө багынтып,
Сүйгүм келет кээде өзүңө багынып.
Көпкөк асман, жерге түшсө жарылып,
Кыян жүрсө жердин үстү тарылып,
Ал кыяндан өтөр элем кыйналбай
Бир көз караш кубатыңды жамынып [3, 133-б.].

Акын жүрөгүнөн чыккан бул ыр саптарында аял затына болгон канчалык назиктик, урматтоо, жагынуу, улуу күчүнө багынуу, сыйынуу - баары кылдат камытылган. Андыктан бул ырда катардагы ырларынын бири катары кабыл алууга болбойт. Алыкулдун жеке жашоосунда тагдыры татаал болгондугуна крабастан, аял затынын асыл сапаттарын жогору баалап, көркөмдүк-идеясы мыкты ыр саптарын жараткан. «Аялга» аттуу ырындагы терең философиялык маанини акындын «Сулууга» аталышындагы ырдын үзүндүсүнөн да байкай алабыз:

Кош, жан эркем, кош дейсиң деп таарынба,
Мени күтпө, мени эстебе, сагынба,
Жаш кездердей ынак сүйүү жок экен,
Отуз жаштын улам аркы жагында.
Кош сүйгөнүм, коштошордо жалынба,
Сен жакшы элең мен сүйө элек чагыңда,
Ак сүйүүдөн көңүл калуу көп экен,
Огуз жаштын улам аркы жагында.
Сен бир бакча миваларың келишкен,
Мен жүргүнчү ооз тийген жемиштен,
Сүйүү деген – сүйүү эмес бетиңден,
Сүйүү деген – сүзүп өтүү деңизден.
Сен бир жүзүм бышып турган мына бу;
Арманда эмес, бирок сенден кур калуу;
Сүйүү деген ырдоо эмес бал ууртап,
Сүйүү деген сүйүү уусуна ууланууу [3, 147-б.].

Акындын бул ырында ар бир сөз, ар бир сап терең мазмунду билдирип тим болбостон, көп чекиттер да чоң идеялык-эстетикалык жүк көтөрүп, көп нерсени эске алууга мажбурлайт [1, 231-б.].

Алыкул Осмоновдун сүйүүгө, сулууларга арналган ырлары жалпы кыргыз поэзиясынын бийик мунаралары катары бааланып, эч качан эскирбес жана унутулбас классикага айланган. Кыргыз акындарынын ар бири жашоого, сүйүү темасына арнап далай ырларды жазышкан. Алардын ыр саптарында дагы махабаттын бай дүйнөсүн, бийиктигин, тереңдигин, татаалдыгын, опурталдуулугун, ар кандай таржымалдашкан. Ошондой болсо дагы Алыкул Осмонов ырларында махабатты, аял затты эң бийик даражага жеткирип мактаган жана аруулаган. Себеи, жүрөгүндө өрт болуп жаткан ойлорун, жан дүйнөсүндөгү түйшөлткөн масаелерин ырга салып турган.

Алыкул Осмоновдун аялдарга арнап жазган ырларын бир китепке баш коштурсаң, татуу жана азаптуу сүйүүнү баяндаган ыр менен жазылган роман эмеспи! [3, 23-б.]

Алыкулдун бир катар ырларында турмуштагы көрүнүштөр, окуялар кыска жана таамай сүрөттөлөт жана элестүү чагылдырылат. Акындын ар бир ырларында ой жүгүртүү масштабы кенен жана эбегейсиз экендигин байкай алабыз. Бул биздин чакан макалабызда А. Осмоновдун поэзиясы ар убакта ар бир муундун урпактары үчүн таазим кылуу менен окула турган ыр жыйнактары экендигине көзүбүз жетти.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004.
2. Жусупов К. Ыр сабындагы өмүр. - Ф.: «Мектеп», 1980.
3. Осмонов А. Чыгармалар жыйнагынын үч томдугу. I том. Түзгөн: Ж. Алыбаев. – Ф.: «Кыргызстан», 1984.
4. Садыков А. А. Осмоновдун чыгармаларындагы элдик адабияттын салттары жөнүндөгү материалдардан. - Ф., 1960.
5. Үметалиев Ш. А. Осмонов. - Ф, 1958.